УДК 791.6
DOI 10.33514/1694-7851-2022-3-134-144

Көлбаева М.
Кыргыз Республикасынынт Улуттук илимдер академиясы, Ч.Айтматов атындагы тил жана адабият институту, филология илимдеринин доктору, доцент
Колбаева М.
Национальная академия наук Кыргызской Республики, Институт Язык и литература имени Ч.Айтматова, доктор филологических наук, доцент
Kolbaeva M.
National Academy of Sciences of the Kyrgyz Republic, Institute of Language and Literature named after Ch. Aitmatov, Doctor of Philology, Associate Professor

АЙТЫШ ӨНӨРЛӨРҮНҮН ТҮРК ЭЛДЕРИНДЕ ТАРАЛЫШЫ ЖАНА ИЗИЛДЕНИШИ
РАСПРОСТРАНЕНИЕ И ИЗУЧЕНИЕ РАЗГОВОРНОГО ИСКУССТВА У ТУРЕЦКОГО НАРОДА
DISTRIBUTION AND STUDY OF TALKING ART AMONG THE TURKISH PEOPLE

Аннотация: Айтыш – элдик оозеки чыгармачылыктын жанр катары калыптанган бир түрү. Анын жаралуу тарыхы, драмалык, лирикалык элементтерди калыптандырган өзгөчө табияты, өзүнө ылайык айтылуу ыгы жанр катары мүнөзүн сапаттап турат. Мындан сырткары айтыш жанры байыркылык мүнөзгө ээ болгондуктан көпчүлүк түрк элдеринин оозеки чыгармачылыгында кезигет. Андыктан аталган макаладагы түрк тилдүү элдердеги айтыштын таралыш өзгөчөлүгү жана изилдениш абалын салыштырма планда талдоо учур үчүн актуалдуу маселелердин бири. Макалада түркмөн, казак, башкырт, өзбек, уйгур, азербайжан, анадолу түрктөрү ж.б. элдердин оозеки чыгармачылыгындагы айтыш жанрынын таралуу өзгөчөлүктөрү, аталышы, түрлөрү, ал элдерде таралышын, изилдениш абалын талдоого алууну максат кылдык. Макаланы жазууда салыштырма-типологиялык ыкма жетекке алынып, түрк элдериндеги айтыш жанрын изилдөөгө алган Б. Кебекова, С. Носиров, Р. Мухаммадиев, Б. Сарымсаков, А. Мусакулов, М. Кушмаков, К. Базаровдун, Н. Давкараев, С. С. Каташ, Огузхан Айдын, Хасан Кутлусой, Т. Ковальский, М.Ауэзов, С.Муканов, Е.Ысмайылов, К.Жумажанов ж.б. авторлордун изилдөөлөрү методолгиялык таяныч катары каралды. Изилдөөнүн натыйжасында айтыш жанрын түрк тилдүү элдердеги түрлөрү менен салыштырма планда изилдөөлөрдү жүргүзүү, фольклористика, адабият таануу илимдериндеги изилдениш тарыхы, ар бир доордун жанрга тийгизген таасирин, тематикалык-идеялык, поэтикалык жаңылануулардын да талдануусу зарыл экенин белгиледик.

Аннотация: Сказка – вид искусства, формирующийся как жанр народного творчества. История его создания, особый характер формирования драматургических и лирических элементов, способность говорить по-своему характеризуют его характер как жанра. Кроме того, поскольку жанр речи имеет древний характер, он встречается в устном творчестве большинства тюркских народов. Поэтому сравнительный анализ особенностей распространения речи у тюркоязычных народов и состояния исследований в упомянутой статье является одним из актуальных вопросов. В статье туркмены, казахи, башкиры, узбеки, уйгуры, азербайджанцы, турки-анатолийцы и др. Нашей целью было проанализировать особенности, названия, виды жанра речи в устном творчестве народов, его распространение у

этих народов, состояние изученности. При написании статьи использовался сравнительно-типологический метод, Б. изучал жанр речи у тюркских народов. Кебекова, С. Носиров, Р. Мухаммадиев, Б. Сарымсаков, А. Мусакулов, М. Кушмаков, К. Базаров, Н. Давкараев, С. С. Каташ, Огузхан Айдын, Хасан Кутлусой, Т. Ковальский, М. Ауэзов, С. Муканов, Э. Ысмайлов, К. Жумажанов и др. В качестве методологической основы рассматривалось исследование авторов. В результате исследования мы отметили, что необходимо провести сопоставительные исследования жанра речи с типами тюркоязычных народов, проанализировать историю исследований фольклористики, литературоведения, влияние каждой эпохи на жанровые, тематико-идейные и поэтические новации.

Annotation: Saying is a type of art that has been formed as a genre of folk art. The history of its creation, the special nature of forming dramatic and lyrical elements, and the ability to speak according to itself characterize its character as a genre. In addition, because the genre of speech has an ancient character, it is found in the oral creativity of most Turkic peoples. Therefore, a comparative analysis of the characteristics of the distribution of speech in Turkic-speaking peoples and the state of research in the mentioned article is one of the current issues. We aimed to analyze the features, names, types of the genre of speech in the oral creativity of peoples, its distribution in Turkmen, Kazakh, Bashkir, Uzbek, Uyghur, Azerbaijani, Anatolian Turk peoples in this article. In writing the article, the comparative-typological method was used, and B.Kebekova studied the genre of speech in the Turkic peoples. These authors work such as Kebekova B, S. Nosirov, R. Muhammadiev, B. Sarymsakov, A. Musakulov, M. Kushmakov, K. Bazarov, N. Davkaraev, S. S. Katash, Oguzkhan Aydin, Hasan Kutlusoy, T. Kovalsky, M. Auezov, S. Mukanov, E. Ysmaililov, K. Zhumazhanov were considered as a methodological basis. As a result of the research, we noted that it is necessary to carry out comparative research on the genre of speech with the types of Turkic-speaking peoples, to analyze the history of research in folkloristic, literary studies, the impact of each era on the genre, thematic-ideological, poetic innovations.

Негизги сөздөр: элдик оозеки чыгармачылык, жанр, айтыш, түр, поэтика, түрк элдери, таралуу өзгөчөлүгү, генетикалык жакындык, поэтикалык окшоштук.

Ключевые слова: народное творчество, жанр, поговорка, тип, поэтика, тюркские народы, особенность распространения, генетическое родство, поэтическое сходство.

Key words: folk art genre, speech, types, poetics, Turkic peoples, characteristics of distribution, genetic affinity, poetic similarity.

Айтыш – көпчүлүк түрк элдеринде кезиккен чыгармачылык жанр. Бир кезде Борбордук жана Орто Азиянын, Түштүк Сибирдин кеңири аймагында түрк тилдүү элдер жашап Түрк каганаты, кийинчерээк Караханийлер мамлекетин түзүп турган. Алардын өз маданияты, жазма-сызмасы болгон. Ал элдер кийин тарыхый ар түрдүү себептерден улам территориялык жактан түрдүү аймактарды байырлап, “түрк тилдүү элдер” деген аталышты алып жүрөт.

Ал элдердин жакын текетеш элдер экенин далилдеген бир нече факторлор бар. Ал фокторлордун эң эле негиздүүсү элдик оозеки чыгармачылыгы. Мисалы, айтыш жанырын эле алсак өтө чоң жакындыкты байкай алабыз.

Айтыш түркмөндөрдө “aydışık” (айдышык), казактарда “айтыс”, башкурттарда “ayteş” айтеш, өзбектерде “айтиш”, татарларда “ytuşuu” (йтишү), уйгурларда “eytiş» эйтиш деген терминдер колдонулат. Анадолу түрктөрүндө болсо ашыклык деген акындык салтынын ичинде “атышма” деп, ал эми Азербайжанда болсо “дейишме” деп колдонулат. Түрк тилдүү элдердин оозеки чыгармачылыгына көз жүгүрсөк айтыш өнөрүнүн көп түрдүүлүгүн көрө

алабыз. Азербайжан дейишмелери гыфылбенд, хербезорба, мухаммес деген түрлөрү бар экенин көрүүгө болот. “Гыфылбенд” – табышмак айтыштары, “хербезорба” – мактоо айтыштары, “мүхаммес” – 16 муундан турган айтыштын түрү. "Жыгалы мүхеммес", "Дудагдеймез жыгах мүхеммес" деген түрлөрү бар.

Уйгур эйтиши – эки адамдын же эки топтун обонсуз ыр менен айтышып же ыр обону менен ырдашып (ал уйгурча «нахшажылары нахша» (түркү ве шаркы) айтышуу жарышы деп берилет. Айтуучунун бири кандай ыкмада айтса экинчиси ошол ыкманы талап кылган элдик адабияттагы бир жанр катары каралат. Анын бир үлгүсү катары “Яр-Яр” (кыргызча “Жар-жар”) ырларын киргизет.

Өзбектердин эйтиши түрдүү тойлордо кыздар менен жигиттердин ортосундагы айтыштар болуп эсептелет. Бул айтыштарга да атайын шойырлар (акындар) катышып, түрдүү темадагы турмуштук маселелер тууралуу айтышышат.

Каракалпак айтышы көп жагынан кыргыз айтыштарына окшош. Айтыштын мүнөзү, анын аткарылышы, аткаруучулар тууралуу маалымат «Каракалпак фольклору» (Karakalpak Folkloru. -Karakalpakstan Basımevi, Nukus, 1982, Cilt. XI) аттуу эмгекте мыкты жазылган. Фолклористтер каракалпак айтыштарын, турмуш-салт айтыштары, шайырлар айтышы жана чечендик айтыш деп үч топко бөлүшөт. Ар бир айтыштын түрү андан ары ич ара топторго ажырымдалып, турмуш-салт айтыштары өз ара тарауы-бадик, хаужар, жуап айтыслары деп бөлүштүрүлөт. Каракалпак айтыштарын түрлөрүн мындай 3 топко бөлүштүрүү кыргыз айтыштарын топторго ажырымдаган айрым классификациялар (Ж.Таштемиров) менен далма дал келет.

Түркмөн элинин айтыштары бир топ өзгөчөлүктүү экени байкалат. Айтыштын бир түрү болгон чаташма түркмөндөрдүн Афёнкарахисар-Эмирдаг аймактарында аткарылат. Ал жаназа болуп аткан үйдө аялдардын ортосунда өткөн айтыштын түрү. Бул биздеги кошоктоду кезек менен айтып, өлгөн адамдын кылган иштерин, жакшы сапаттарын биринен-экинчиси мыктылап кошуу жөрөлгөсүнө окшош келет. Ал эми чене ярышы – атайын бир белгиленген оюндун ичинде ойногон кишилердин жест, мимикаларды колдонуп өз ара кайым айтышуусу менен коштолгон айтыштын түрү болуп эсептелет. Дедим-деди – ашыктардын (сүйүшкөндөрдүн) же болбосо акындардын сүйүү темасында өткөн айтыштары болуп саналат. Мындай айтыштын түрү, «дедим-дединин алгачкы формалары «Диванү Лүгати’т-Түрк» чыгармасында да кездешет [4, 2]” – деген маалыматтар бар. Деме-Дөндүрмө – тойлордо эки топтун ортосунда өткөн айтыштын түрү. Анадолуда “деме дөндүрмейе” “деме-чевирме”, “алып сөйлеме” яхут “алып верме” деген аттар менен да белгилүү. Демели – кишилер, улуттар, мезгилдер ортосунда айтылган айтыштын бир түрү болуп саналат. Кыш менен жайдын айтышы, бойдок менен үйлөнгөн кишинин ортосундагы айтыштар сыяктуу атайын тема тандалып алынат да өз ара айтыш улана берет. Айтыштын бул түрү “демели дейиш”, “демели дестан”, “яхут сөйлетме” деген аттар менен да белгүлүү.

Түрк тилдеринин ичинен дагы бир өзгөчөлүктүү айтышы бар эл азербайжан эли. Алар айтыштарды “дейишме” деп аташат. Азербайжанда жана Анадолунун кээ бир аймактарында да колдонулган айтыштын бул түрү «мүшаире», «демели», «сөйлетме» деген аталыштар менен да колдонулуп келет. Акыркы эки аталыш адамзаттан башка түшүнүктөрдү, жан-жаныбарларды, жансыз нерселерди сүйлөтүү формасында өткөн айтыштын бир түрүн атоо болуп саналат. Айтыштардын түрк элдерининдеги таралуу ареалы мына ушундайча. Демек, түрк элдеринин фольклордук үлгүлөрүндө жакындыктарды жараткан бир катар фактыларды көрүүгө болот:

1) түрк тилдүү элдердин байыркы замандарда бир уруудан тарап, бир тилде сүйлөгөн генетикалык жакындыгынан;

2) ал элдердин негизги ишенимдеринин бирдейлигинен;

3) жашоо мүнөзүнүн дээрлик окшоштугу, тарыхый тагдырлардын жакындыгы менен мүнөздөлөт.

Мындан улам тектеш элдердин фольклор таануусунда айтыш өнөрүнүн түрдүү жагдайдан талданып изилденип келгенин көрүүгө болот. Мисалы, өзбек элинин тарых түпкүрүнөн бери өнүгүп бүгүнкү күнгө чейин келген руханий турмушунда "айтишке" жакын "аския" жанры өзгөчө орунда туруп, төкмөлүктүн салттарын улантып келе жатканын өзбек фольклористи Р.Мухаммадиев эмгегинде [29] белгилесе, өзбек элдик чыгармачылыкты жаратуучулардын аткаруучулук чеберчилиги С.Носировдун [24] эмгегинде иликтенет. Каада-салттык фольклор жана терме жанрындагы төкмөлүктүн салттары М.Кушмаков, Б.Сарымсаков, А.Мусакуловдордун эмгектеринде [27, 23, 27] ар тараптуу талдоолор жүргүзүлгөн.

Каракалпактарда айтыш өнөрү өз өнүгүшү менен тарыхтын тереңине кетет. Каракалпактардын оозеки чыгармачылыгындагы жалпы эле бир өзгөчөлүк – анда акындар географиялык шартка жараша Хива, Хорезм жана башка илим маданияты өнүгүп келген ири шаарларда медреселерден окуп, билим алышкан. Мындан улам акындык өнөр оозеки жана жазма адабияттын удаалаш өнүккөнүн көрөбүз. Каракалпак элинде кыргыздардыкы сыяктуу оюн-зоок кечелерде азил-шыкак үлгүсүндөгү суроо-жооп айтыштары айрыкча көп тараган. Мында ырды тез кайрып, аз сөзгө көп маани баткызып, азил-тамаша менен коштой ырдоо башкы максат болгон. Айтышта бири-экинчисине собол салуу, ага жооп кайтаруу жумшак юмор менен коштоо сыяктуу белгилери кыргыздардагы алым сабак, табышмак айтыш сыяктуу түрлөргө өтө жакын экенин көрөбүз. Каракалпак элинин акындык өнөрүнүн поэтикалык салттары К.Базаровдун, Н.Давкараевдин [6,10] эмгектеринде талдоого алынса, алтай фольклорундагы жанрлар жана алардын жаралышын шарттаган өбөлгөлөр, оозеки поэтикалык чыгармачылык С. С. Каташтын эмгектеринде [14, 15] изилдөөгө алынып, импровизациялык өнөр алтай фольклорундагы архаикалык жанр экендиги белгиленген.

Айтыш Түркиялык түрктөрдө дагы тарагандыгын көрөбүз. Алар бул түрдү "атышмалар" деп аташат. Аты эле айтып тургандай түрк айтыштары сөз аркылуу "атышып", өнөр жарыштыруу максатын көздөгөнү көрүнөт. Түрк атышмаларынын салты боюнча ортого үч акын (озан) чыгып, колундагы аспабы (сазы, багдарламасы) менен ачып, айтышты баштайт. Андан соң кийинки акындарды сыноо, ага табышмак айтуу, мүнөз кемчиликтерин көрсөтүү же мактоо, кылган жакшы иштерин даңазалоо сыяктуу ырларын ырдашат.

Түркиялык түрктөрдүн атышмалары дагы илимде өзгөчө сөз кылууга арзып, атышмалардын бир канча тематикалык түрлөрү Огузхан Айдындын диссертациялык ишинде талдоого алынган [3]. Ал эми ар бир акындын чыгармачылыгындагы айтыштардын орду маанисин тууралуу кеп кылып, айтыштардагы өздүк чеберчиликти талдоого алган Хасан Кутлусойдун эмгеги [2] түрк айтыштарынын идеялык-тематикалык өзгөчөлүктөрүн аныктаган изилдөө экенин көрсөтүүгө болот. Бул эмгектер ар бир түрк элиндеги импровизациялык өнөрдүн маани маңызын аныктап, жанрдык бөтөнчөлүктөрүнө иликтөө жасаса, Т. Ковальскийдин эмгегинде [16] түрк элдеринин поэзиясынын формалары салыштырма-типологиялык ыңгайда изилдөөгө алынган.

Айтыш жана анын айрым элементтеринин тектеш элдерде таралышы ошол элдердин турмуштук жалпылыгына, акындык өнөрдүн же чыгармачылыктын ал элдердин күнүмдүк

турмушунда өзгөчө мааниси бар экендигин көрсөтүп турат. Ал эми канатташ жашаган казак элиндеги айтыс жана кыргыздардын айтышында өзгөчө белгиленген айырмачылыктар жокко эсе. Казак фольклор таануусунда айтыштарды илимий талдоого алуу кыргыз элиндеги изилденүү абалына салыштырмалуу бир топ алдыга кеткендигин көрүүгө болот. Казак айтыштары М.Ауэзов, С.Мукановдордун илимий пикиринен башат алып, андан бери С.Сейфулиндин "Казактын эски адабият нускалары" (1931), Е.Ысмайыловдун "Акындар" (1956), К.Жумажановдун "Фольклорная и индивидуальная традиция в акынской поэзии" (1984) деген эмгектеринде акындык өнөрдүн салттары жана жаңычылдык маселелери, казак айтыс өнөрүнүн башаты, акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү тууралуу кенен илимий талдоолор болгон. Мындан башка Х.Досмугамед уулу, А.Байтурсунов, М.Габдуллин, Б.Кенжебаев, А.Коңуратбаев, З.Ахмедов, М.Каратаев, М.Жармугамедов, С.Садырбаев ж.б эмгектеринде айтыш өнөрүнүн табияты, идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү, өнүгүү эволюциясы, чыгармачылыктагы жалпылык жана жекелик өндүү маселелер талдоого алынган. Айталы, М.Жармугамедовдун "Казак поэзиясындагы айтыш жанры: теги менен дамуы" (2001) деген доктордук диссертациясында төкмөлүк өнөр менен айтыштын карым-катышы, кайымдашуулар, кагышуулар, айтыштагы тарых жана көркөм чындык, айтыш менен мезгил жалгаштыгы, айтыштын көркөмдүк маселелери сыяктуу проблемаларды талдоого алат.

Казак элинде айтыштар адабий көркөм туунду катары гана талдоого алынбастан бул өнөрдүн лингвомаданий, этномаданий, этномаданий бөтөнчөлүктөрү, публицистикалык сыпаты, түрдүү алкакта каралып, айтышты изилдөөнүн кеңири чектери белгиленген.

Айтыш ар бир элдин улуттук руханий маданиятын, коомдук турмушун, тилин жана жашоо мүнөзүн аныктаган жанр. Анда турмуш чындыгы көркөм сүрөттөлүп, социомаданий абалдардын (ситуациялардын) конкреттүү тарыхый маңызы чагылдырылган. Айтыштын мына ушул сапаттары К.Д.Асановдун "Айтыш өнөрүнүн публицистикалык сыпаты" (2010) деген докторлук диссертациясында талдоого алынып, айтыштын коомдук ролу кеңири планда, илимий анализден өтөт. Ал эми айтыштын эгемендик жылдардагы өрүшү, эгемендик темасынын айтыштарда көркөм чагылдырышы, көркөм чындык жана айтыш сыяктуу маселелерди талдоого алган Ш.С.Койлыбаевдин "Казыргы айтыштын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү" (2009) деген кандидаттык диссертациясы айтыштын XXI кылымдагы өнүгүшүн, эгемендик жылдардагы айтыштардын идеялык-тематикалык багытын, эгемендиктеги сөз эркиндигинин айтыштарга тийгизген таасирин кеңири планда талдоого алган.

Кайсы гана элдин көркөм адабий чыгармасы болбосун ал ошол элдин менталитетин чагылдырып, улуттук дүйнөтаанымын аныктап турат. Казак калкынын XIX кылымдын акыры XX кылымдын башындагы коомдук абалы, көркөм ойлоосу жана улуттук өзгөчөлүктөрүнүн акындар чыгармачылыгында асыресе, айтыштарда көркөм чагылышын талдоого алган Т.Ш.Өмүрбаеванын "Акындык поэзиядагы улуттук сыпат жана көркөм ойлоо" (2010) деген кандидаттык диссертациясы жазылды. Эмгекте төкмөлүктүн улуттук-этнографиялык өзгөчөлүктөрү, акындар айтышынын улуттук дүйнөтааным болмушу менен көркөм ойлоодогу негизги көрсөткүч экени белгиленип, андагы тарыхый-реалисттик сүрөттөөлөргө улуттук эстетиканын ченемдеринен баа берилген.

Айтыш өнөрү – байыркы мезгилде элдик театрдын элементтерин өз ичине камтып, элдин эстетикалык табитин канаатандырып келген өнөр. Анын ар бир сөзү элге жагымдуу, куюлушкан уйкаштуу, мазмундуу келип, айрым бир коомдогу терс көрүнүштөрдү ашкерелөөчү сатиралык, юмордук элементтерге бай. Мына ушул сатира менен юмордун

айтыш өнөрүндөгү ордун, айтыштагы акындын негизги оюн жеткирүүдөгү кызматын, жалган айтыш жана мысал айтышты, кара өлөң жана кагышууларды берүүдөгү ролун изилдөөгө алган Б.Имашевдин кандидаттык диссертациясы [12] казак айтыштарынын өзгөчөлүгүн ачып берген изилдөө болгон деп айтууга болот.

Кыргыз эли канча кылымдардан бери көчмөндүк шартта жашап жүргөндүктөн, оозеки жаралып, оозеки сакталып келген көркөм туундуларды эл оозунан жазып алуу, топтоштуруу иши XX кылымдын баш чендеринде гана колго алынгандыгы белгилүү.

Фольклордук жанрларды талдоого алып, ар бирине системалуу илимий баа берүү, кыргыз элинде жазуунун пайда болушу жана туташ сабатсыздыкты жоюу мезгилинен башталды. Айтыш жанрына илимий пикир айтуу 1940-жылы "Токтогулга эстелик", М.Богданова "Киргизская литература", "Токтогул Сатылганов", Ж.Таштемиров "Токтогул жана акындык поэзия", "Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүктөрү" [28, 29] аттуу эмгектерде айтыш өнөрүнүн табияты, айтыштагы акындардын өздүк чеберчилиги, чыгармачылык салттуулуктар талдоого алынган.

Оозеки чыгармачылыктын кыргыз совет профессионалдык поэзиясына тийгизген таасирлерин талдоодо айтыштарга токтоло өткөн Б.Маленовдун [21], С.Мусаев, Ж.Таштемиров, С.Байходжоев [22], Б.Маленовдордун [21] эмгектери бар.

Кыргыздын музыкалык маданиятын изилдөөчү В.Виноградовдун "Киргизская народная музыка" (1958) деген эмгегинде адабияттык-музыкалык багытта айтыштарга бир кыйла терең талдоолор жүргүзүлгөн. Анда жанрдык белгилер аныкталып, ар кайсы дооорлордогу өнүгүү жолдорун аныктоого мүмкүнчүлүк түзөт. Эмгек жалпы элдик музыканын маселелерин талдоого алгандыктан айтыштын айрым маселелери көмүскөдө калган. Андан бери карай айтыштын жанрдык белгилерин аныктап, аны түрлөргө бөлүп алып, башка фольклордук жанрлар менен карым катышын талдоого алган П.Ирисовдун "Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүгү" деген кандидаттык диссертациясы бул багыттагы алгачкы системалуу иликтөө деп атаса болот [58].

Айтыш – төкмөлүк өнөрдүн бийик чеги. Төкмөлүктүн табияты, анын синкреттик абалы белгиленип, чыгармачылык багыты, мазмуну, ой тутумуна, коомдук-социалдык, турмуштук, адеп-ахлактык жалпы элдик, түйүндүү проблемаларды көтөрүшүнө карата акындарды топторго ажырымдоо иши адабиятчы Б.Кебекованын "Кыргыз эл ырчыларынын тарыхынын очерктери" (2009) аттуу эмгегинде кеңири планда жазылган.

Тигил же бул элдин адабий туундулары сөзсүз кайсы бир элдин адабиятынан таасир алып, анын тажрыйбасынан үйрөнүп, ага өз таасирин көрсөтүп алака-катышта өнүгөрү мыйзам ченемдүү көрүнүш. Ушул багытта адабиятчы Б.Кебекованын "Кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышы" (1985) аттуу монографиялык изилдөөсү жарык көргөн. Эмгек автордун "Кыргыз, казак фольклордук байланышы" (1982) деген изилдөөсүнүн уландысы катары жарыяланып, кыргыз, казак акындарынын чыгармачылык байланышынын негизинде эки элдин фольклордук туундуларынын карым-катышын артырууда тематика, мазмун, форма жагынан баюусу, Чөжө, Катаган, Сүйүмбай, Эсенаман, Майкөт, Жаныш, Сарбас, Жамбыл, Токтогул, Ысак, Кенен, Калык Алымкул, Осмонкул, Ысмайыл, Бекадыл өндүү акындардын чыгармачылык байланышы талданат. Ал эми айтыш өнөрүнүн өнүгүү баскычтары, синкреттүү табияты А.Обозкановдун "Төкмөлүктүн башаты, калыптануу этаптары жана синкреттүү табияты" (2006.) аттуу эмгегинде иликтенет. Бул эмгегинде автор, ырчылыктын табиятын, айтыш өнөрүнүн түрлөрүн, акындар чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилик маселелерин талдоого алган. Автордун "Калык Акы

уулунун көп кырдуу чыгармачылык өнөрканасы” (2000-ж.) деген монографиясында Калык акындын чыгармачылыгындагы салттуулук жана өздүк чеберчилигин аныктоодо айтыштын маанисин талдай келип, айтыштын ар кандай кырдаалдарда айтылышына, ырчылардын чыгармачылык дараметине жараша түрдүү үлгүдө кездешерин айтып, айтыштын түрдүү мүнөзүн аныктоого аракеттенген.

Айтыш турмуштук тажрыйбадан алынган, айтышууда өзгөчө психологиялык абалга келе түшкөн, ар кандай тоскоолдуктарга карабастан таасын сүйлөп, чукугандай сөз таба билген, кебине доошу шай келип, сөздөрү уккулуктуу, мазмундуу чыккан чечендердин айтышы менен генетикалык жактан өтө жакын. Алардын жанрдык, тилдик, орундалуучулук өзгөчөлүктөрү жагынан биринен экинчисин кескин айырмалоого болбойт. Бирок ошондой болсо дагы, чечендик өнөр боюнча жакталган А.Ибраимованын “Элдик оозеки чыгармачылыктагы чечендик сөздөрдүн идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү” (1998) аттуу диссертациясында айтыш менен чечен сөздөрдүн жакындыгы, байланышы тууралуу бир да пикир айтылбаган.

Акындардын чыгармачылык бейнесин ачууда айтыш өнөрүндөгү ордун аныктап, ал өнөрдүн салттарынын акындын чыгармачылыгында пайдалануу даражасы жана өздүк чеберчилик маселеси келип чыгат. Мына ушул маселени талдоого алган А.Жусупбековдун “Жеңижоктун чыгармачылык өзгөчөлүгү” аттуу кандидаттык изилдөөсү (2012) жазылган. Ушул эле багытта Н.Бегалиеванын “Арстанбектин чыгармачылыгында эл тагдыры жана доор маселеси” (1998) деген кандидаттык иши жазылып, “Арстанбек – айтыш өнөрүнүн ири устаты” деген бөлүмчөдө айтыштар тууралуу маалымат берилет. Автор айтыш тууралуу баштан-аяк казак изилдөөчүлөрүнүн эмгектерине таянып, айтыштын түрлөрүн аныктоодо казактын түрө айтыш жана сүрө айтыш деп бөлүштүрүүсүнүн нугунда бөлүштүрүп, кыргыз айтыштары биринчи түрүндө өнүккөнүн белгилеп, калган түрлөрү тууралуу пикир билдирбейт. Ал эми кордоону айтыштын бир түрү эмес өзүнчө “тенденция” катары мүнөздөйт.

Жунго кыргыздардын оозеки адабиятын изилдөөгө алган Макелек Өмүрбайдын “Жунго кыргыз эл оозеки адабиятындагы кээ бир өзгөчөлүктөр” (2007) деген диссертациялык изилдөөсүндө айтыштар “эки чыгармачыл адамдын орток чыгарма жаратуу ыңгайы” деп берилип, үгүт-тарбиялык (дидактакалык) ырлардын тобуна киргизилет. Айтыштын адат-салт түрлөрү акындар айтышы менен аралаш берилип, салттуу айтыш, алым-сабак айтыш, кайым айтышуу, акыйнек айтышуу, санат-насыят айтыштары, азил айтыш, өлөң айтыш, табышмактуу айтыш, тамашалуу айтыш деген түрлөргө бөлөт. Бул түрлөрдү талдоодо жунго оозеки чыгармалары мисалга тартылса, айрым түрлөргө Жеңижок, Эшмамбет өңдүү акындардын айтыштары мисал болот.

Айтыш боюнча дагы бир диссертациялык изилдөө У. Алимовго таандык. Иш “Кыргыз айтыштары” деп аталып, түрк тилинде Измир шаарында 2010-жылы жакталган. Анда кыргыздын акындык салтында айтыштын орду жана мааниси чечмеленип, айтыштын тарыхый эволюциясын фольклордук чыгармалардан издеп, макал айтыштар, табышмактагы айтыштар, акыйнек, жар-жар өңдүү фольклордук жанрларда орун алышын талдайт. Эмгекте айтыштардын түрк тилдүү элдерде таралышы тууралуу кызыктуу материалдар кезигет. Айтыш азербайжан, уйгур, өзбек, казак, каракалпак, түркмөн элдеринде өнөр катары жашап жаткандыгы тууралуу айтылат. Эмгекте ошол элдердеги айтыш деген аталыштын чечмелениши, жана кайсы түрлөрү бар деген гана маселелер менен чектелген. Эгер эмгекте ар бир элдин айтыштарынын мааниси, коомдук кызматы, аларды жаратуучулардын талант өзгөчөлүгү тууралуу кенен маалымат берилсе мындан да кызыктуу болмок экен деген ойго

келдик. Автор кыргыз айтыштарынын тематикалык өзгөчөлүктөрүнө, түрдүк бөлүнүшүнө токтолуп, ар бирине аныктама берүүгө аракет кылат. Түрк элинин илимий иш жазуу талаптарына салынып жазылган бул изилдөө бөлүмдөргө өтө майдаланып кеткендиктен көтөрүлгөн маселе үстүрт иликтенип калганы байкалат. Мындан сырткары изилдөөдө тексттерге өзгөчө көп орун берилген.

Жогорудагы айтыштар тууралуу буга чейин жазылган илимий эмгектердин обзорунан көрүнүп тургандай фольклордук жанр катары айтыштын спецификалык өзгөчөлүктөрү атайын П.Ирисов, А.Обозкановдордун эмгектеринде гана берилбесе, калган илимий эмгектердин көбү портреттик мүнөздө Токтогул, Калык, Арстанбек, Осмонкул акындардын айтыштарын талдоо, калгандары кыргыз адабиятындагы өзгөчө чоң этаптар катары фольклор менен акындар поэзиясына анализ берүү максатында бул түргө токтолуп, ар бир изилдөөчү өз түшүнүгүнө, илимий потенциалына жараша талдоого аракет кылган.

Жогоруда биз токтолуп өткөн изилдөөлөр айтышка тике тиешеси бар эмгектер. Мындан сырткары К.Артыкбаевдин, К.Асаналиевдин, А.Акматалиевдин, А.Эркебаевдин, К.Байжигитовдун, С.Искендерованын, А.Эшиевдин эмгектеринде айтыштар тууралуу илимий пикирлерди кезиктирүүгө болот.

Элдик оозеки чыгармаларды топторго бөлүштүрүүдө айтыш ырлары түрдүү классификацияланганын көрүүгө болот. Айталы, 1923-жылы Каюм Мифтаков «Кыргыздын калк адабиятынын түрлөрү» деген эмгегинде айтышты үчкө бөлүп (айтышуу, сынсыз жамак, сындуу жамак) майда-чүйдөлөр деген топко киргизген.(Инв. №146 (357) Бул бөлүштүрүүсүнөн соң К.Мифтаков 1924-жылы кайрадан оозеки чыгармаларды топторго бөлүштүрүүгө кайрылып, оозеки чыгармаларды жомоктор, тарихи сөздөр, көңүл улоо сөздөрү, эски адат сөздөр, кызыкчылык сөздөрү, майда адабияттар деген топторго бөлүп, айтышты кызыкчылык сөздөргө киргизген. Бул бөлүштүрүүсүндө автор кандай критерийдин негизинде түрлөрдү классификациялаганы белгисиз, жамакты өзүнчө жанр катары карап, «айтыш, зекетпай» деген түрдү дагы өзүнчө жанр катары бөлөт. Башкача айтканда айтышты секетпай ырларынын бир түрү катары берет. Айтыш мазмуну, мааниси жагынан турмуштун баардык жактарын камтып, түрдүү тематикада ырдалганы баарыбызга маалым. Бирок, ошондой болсо дагы айтыштарды секетпай ырлары менен бир түргө кошушу туура эмес болуп калган. Ал эми 1927-жылкы классификациясы 1-2-бөлүштүрүүсүнөн өтө деле айырмаланбайт. Болгону ар бир түрдүн андан ары жиктелиши берилген эмес. Бул бөлүштүрүүдө жамактар, айтыштар эки башка жанр катары кызыкчылык сөздөрү деген топко киргизилген. Мына ушул классификациядан соң «Кыргыз адабиятынын очерктери» (1943) деген коллективдүү эмгекте К.Рахматуллин оозеки чыгармаларды топторго бөлүштүрүүгө аракет жасаган. Автордун ошол эле жылкы экинчи классификациясында [26, 20-22] да айтыштар каада-салт ырларына кирген. Андан соң элдик оозеки чыгармаларды классификациялоону М.Богданова колго алып, лирикалык ырларды классификациялоого аракет жасаган. Анда акый жана айтышуу ырлары ар бири өзүнчө жанр катары белгиленген. Бул ажырымдоо эки түрдүн аткарылышындагы өзгөчөлүктөрүнө ылайык туура бөлүштүрүлүп, турмуш-тиричилик ырларына киргизилген. Мындай бөлүштүрүүдө М.Богданова чыгарманын мазмуну жана чыгыш доорун эске алып, «каада-салт ырлары азыраак кийинчерээк байыркы общиналык түзүлүш бузулуу учурунда чыккан, ал эми үрп-адат ырлары болсо көчмөн феодализм мезгилинде жаралган» [7, 113-114] деген пикирин билдирет. Бирок, турмуштагы мүнөздүү учурларга байланыштуу ички сезимин, кубаныч, кайгысын билдирүүчү турмуштук ырлардын бири болгон каада жана үрп-адат ырларынын жаралышын эки мезгилге ажырымдоо калпыс пикир катары кароого болот. 1948-

жылы З.Бектенов жана Т.Байжиевдердин октябрга чейинки фольклор деп атап оозеки чыгармаларды топторго бөлүштүрүүсүндө үрп-адат ырларына топтоштурулган. Ошол эле жылы А.Тайкүрөңов да элдик оозеки чыгармаларды топторго бөлүштүрүүгө аракет жасап, айтыш ырларын үрп-адат (салт) ырларына киргизген. Эң кызыгы учурашуу (көрүшүү), кордоо, мактоо ырларын айтыштар менен катар эле өзүнчө жанрлар катары белгилеген. 1960-жылы жарык көргөн С.Мусаев менен Ж.Таштемировдордун «Кыргыз адабияты» деген эмгегинде айтыштар (бешик, сүйүү, акый, арман, коштошуу, мактоо, кордоо, керээз, кошок жанрлар менен бирге) турмуштук үрп-адат, салт ырлары деген топко киргизилген. Ал эми С. Закиров, А.Токомбаевалар «Кыргыз элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү» (1964) деген эмгегинде айтышты сүйүү, мактоо, кордоо, бешик ыры, акый, арман, коштошуу ырлары менен бирге турмуштук үрп-адат, салт ырларына киргизип, акый, керээз, арман ырлары өз өмүрүн токтотконун белгилесе, айтыш, мактоо, кордоолор жаңы формага, жаңы мазмунга өткөн жанрлар катары мүнөздөлгөн. Жогорудагы элдик оозеки чыгармаларды жиктештирген классификациялардан көрүнүп тургандай айтыштар бир туруп кызыкчылык сөздөрүнө кошулса, экинчилеринде үрп-адат, каада ырларына киргизилген. Айрымдарында айтыштар айтышуу, сынсыз жамак, сындуу жамак деген түрлөрүнө ажырымдалса, экинчисинде айтыш секетпай ырларынын бир түрү катары берилет. Дагы биринде адат-салт ырларына кирсе, дагы бири үрп-адат ырларына топтоштуруп, кордоо, жамак менен бирдей жанр катары мүнөздөйт. Бир эле айтыш жанрынын элдик оозеки адабиятынын түрлөрүн классификациялоодо түрдүү топко кирип, ар бишка жиктелиши фольклордук чыгармаларды толук жиктештирүү маселесинин али күнгө чейин аягына чекит коюлбай, бир жыйынтык пикир жаралбай, талаш-тартыш туудуруп келе жатканы менен байланыштырууга болот. Чындыгында оозеки чыгармаларды топторго ажырымжоо иши шарттуу гана мүнөздө болушу шарт. Себеби, оозеки чыгармачылыктын жанрлары бири-экинчисинен кескин айырмаланып, окчун турбастан ал жанрларда өтө күчтүү синкреттүүлүк мүнөздүү экенин көрүүгө болот. Жалпысынан көпчүлүк изилдөөчүлөр айтышты үрп-адат жана каада-салт ырларына киргизгени жогорудагы талдоолордон көрүнүп турат. Биздин оюбузча айтыштар турмуштук үрп-адат, каада-салт ырларынын бир түрү катары кароого болот. Буга С.Закиров, А.Токомбаевалардын “каада-салт, үрп-адат ырлары алардын узак убакыттар өнүгүп келген турмушундагы мүнөздүү учурларга байланыштуу ички кайгысын, сүйүнүчүн, мамилесин билгизүүчү турмуштук ырлардын бир түрү экенин эч ким тана албайт” [30, 27] – деген пикири негиз болот. Ошондой эле айтыштын көбүнчө ар кандай турмуштук жөрөлгөлөрдө той өткөрүү (кыз узатуу, үйлөнүү, сүннөт, бешикке салуу ж.б.), аш берүү, эскерүү, жылдыктарын белгилөө, чоң-чоң мааракелүү жыйындарда (эгемендик майрамы, Нооруз ж.б.) аткарылышынын салттык мүнөз күтүп, адатка айланышынан көрүүгө болот. Демек, тигил же бул каада, үрп-адатка байланыштуу той өткөрүү, аш берүү, мааракелерди белгилөө ж.б. жөрөлгөлөрдөгү жарчы болуу, учурашуу, саламдашуу, эл көңүлүн көтөрүү максатында айтылган мактоолор, алым сабактар бул жанрдын турмуштук ырлардын бири экенинен кабар берет. Ал эми акын эл арасында өткөрүлгөн салттык жөрөлгөлөрдүн көбүндө катышып, ал тургай аларды баштан аяк алып барып, тойдун жүрүшүн көзөмөлдөөчүнүн милдетин алып барат. Жогоруда белгиленген салттык жөрөлгөлөрдү алып баруу, жарчы болуу эки түрдө жүзөгө ашырылган. Айрым учурда бул милдет жалгыз бир акынга ыйгарыла турган болсо, айрым учурда эки же андан көп акындын алым сабак айтышы менен аткарылган.

Колдонулган адабияттар:

1. Алимов Уланбек. Кыргыз айтышы. кандидаттык диссертация. Кеңешчиси: Проф. Dr. Кемал Юже – Измир [Текст] –2010, - с. 50-58
2. Назан Кутлусой Буруклу Асыр Кул Мустафа Өмүр – Ырлар – Атышуулар – Элдик аңгемелер жыйнагы – кароо. Дипломдук иш. [Текст] – Адана, – 2006, 289 б.
3. Огузжан Айдин. Бүгүнкү сүйүү салтында урушуп-талашуунун мисалдары. [Текст] – Анкара, – 2010, – 248 б.
4. Түркиянын тышындагы түрк адабияттарынын антологиясы, Азербайджан азербайжан адабияты, Маданият министрлигинин басмалары, – Анкара, – 1992, Т.Асанов, К.Д. Айтыш өнөрүнүн публицистикалык сыпаты: Ф.и.д., ил дараж. изденип алуу үчүн жазылган дисс. [Текст] / К.Д.Асанов –Алматы, – 2010, –292 б.
5. Базаров, К. Народное поэтическое творчество туркмен Каракалпакий: Дисс. к.ф.н. [Текст] / К.Базаров – Ашхабад, – 1988, – с.198
6. Богданова, М.И. Лирикалык жанрлар [Текст] / М.И.Богданова – КР УИАнын кол жазмалар фонду. Инв. №616
7. Байходжоев, С. Алымкул Үсөнбаев [Текст] / С. Байходжоев – Фрунзе: КСА басмасы, – 1962. – 219 б.
8. Байходжоев, С. Осмонкул ырчы [Текст] /С. Байходжоев –Фрунзе Илим, – 1964. – 196 б.
9. Давкараев, Н. Очерки по истории дореволюционной Каракалпакской литературы [Текст] / Н.Давкараев – Ташкент: Изд. НАН Узб. ССР, – 1959, – 222 с.
10. Жумажанов, К. “Фольклорная и индивидуальная традиция в акынской поэзии” . [Текст] / К.Жумажанов – Алматы, 1984, - С. 275)
11. Имашев, Б. Айтыштагы сатира жана юмор. Ф.и.к. оку.дараж.изд. алуу үч. жазылг. диссертация. [Текст] / Б.Имашев – Астана, 2006, - 149 б.
12. Ирисов, П. Кыргыз айтыштарынын жанрдык өзгөчөлүктөрү. – Ф.и.к окум. дараж. изд. алуу үч. жаз. дисс. [Текст] / П.Ирисов – Фрунзе, – 1971, – 160 б.
13. Каташ, С.С. Архаические жанры Алтайского фольклора. Дисс.к.ф.н. [Текст] / С.Каташ – Ташкент, - 1984, - с. 156.
14. Каташ, С.С. Специфика жанров Алтайского фольклора. Дисс.д.ф.н. [Текст] / С.Каташ – Ташкент, - 1987, - с. 263.
15. Ковальский, Т. Исследования о форме поэзии тюркских народов. ФИЯЛ. [Текст] / Т.Ковальский, Инв. 171. 107б.
16. Койлыбаев, Ш.С. Казыргы айтыштын идеялык-көркөмдүк өзгөчөлүктөрү. Ф.и.к., ил дараж. изденип алуу үчүн жазылган дисс. Ш. Койлыбаев - Астана, - 2009, - 169 б.
17. Кусманова, К. А. Маданияттагы улуттук стереотип: айтыштын лингвомаданий сүрөттөлүшү. Ф.и.д., ил дараж. изденип алуу үчүн жазылган дисс. [Текст] / К.Кусмакова - Алматы, - 2010, - 290 б.
18. Кусманова, К.А. Маданияттагы улуттук стереотип: айтыштын лингвомаданий сүрөттөлүшү. Ф.и.д., ил дараж. изденип алуу үчүн жазылган дисс. [Текст] / К.Кусмакова - Алматы, - 2010, - 290 б.
19. Кушмаков, М. Проблемы традиции и импровизации. Автореф. дисс. к.ф.н. [Текст] / М. Кушмакова – Ташкент, - 1984, - с. 62
20. Маленов, Б. Оозеки чыгармачылыктын кыргыз совет профессионалдык поэзиясына тийгизген таасири жөнүндө. [Текст] / Б.Маленов – Фрунзе: “Илим”, –1960, – 267 б.

21. Мусаев, С., Таштемиров, Ж., Маленов, Б., Кыргыз адабияты. 9-класстар үчүн окуу китеби [Текст] / С.Мусаев, Ж.Таштемиров, Б.Маленов –Фрунзе:Мектеп, – 1964, –296 б.
22. Мусакулов, Абиир. Терма в узбеском фольклоре. Дисс.к.ф.н., [Текст] / А.Мусакулов – Ташкент, – 1984, – с. 204
23. Носиров, С. Творческое и исполнительское мастерство в узбекском народном творчество. Дисс.к.ф.н. [Текст] / С.Носиров – Ташкент, – 1990, – с.240
24. Өмүрбаева, Т.Ш. Акындык поэзиядагы улуттук сыпат жана көркөм ойлоо. Ф.и.к., ил дараж. изденип алуу үчүн жазылган дисс.[Текст] /Т.Өмүрбаева –Алматы, –2010,–196 б.
25. Рахматуллин, К. Кыргыз адабиятынын программасы (8-10-класстар үчүн), Кыргыз ССР АЭК. бекиткен [Текст] / К.Рахматуллин – Фрунзе: “Кыргызмамбас”, – 1943, – 118 б.
26. Сарымсаков, Б.И. Узбекский обрядовый фольклор и его жанровый состав (генезис, поэтика). Дисс.к.ф.н. [Текст] / Б.Сарымсаков – Ташкент, – 1987, – с. 211.
27. Таштемиров, Ж. Токтогул жана акындык поэзия. [Текст] / Ж.Таштемиров – Фрунзе: “Адабият”, –1980, –172 б.
28. Таштемиров, Ж. Токтогулдун айтыштарынын өзгөчөлүгү [Текст] / Ж.Таштемиров – Фрунзе: “Адабият”, –1989, –100 б.
29. Закиров, С, А.Токомбаева А. Кыргыз элдик лирикаларынын жанрдык өзгөчөлүктөрү [Текст] / С.Закиров, А.Токомбаева – Фрунзе: “Илим”, –1964, –214 б.

УДК 781
DOI 10.33514/1694-7851-2022-3-144-150

Корпобаева Мариям Керималиевна
Б.Бейшеналиева атындагы Кыргыз мамлекеттик маданият жана искусство университети, музыкалык-теориялык дисциплиналар кафедрасы, доцент
Корпобаева Мариам Керималиевна
Кыргызский государственный университет культуры и искусства имени Б.Бейшеналиевой, кафедра музыкально-теоретические дисциплины, доцент
Korpobaeva Mariam Kerimalievna
Kyrgyz State University of Culture and Art named after B.Beishenalieva, Department of Musical and Theoretical Disciplines,

КОМУЗ КҮҮСҮНҮН ЖАНРДЫК КЛАССИФИКАЦИЯСЫНЫН ПРИНЦИПТЕРИ
ПРИНЦИПЫ ЖАНРОВОЙ КЛАССИФИКАЦИИ КОМУЗНОЙ МУЗЫКИ
PRINCIPLES OF GENRE CLASSIFICATION OF KOMUZ MELODY

Аннотация: Бул макалада комуз музыкасынын (күүлөрдүн) жанрдык классификациялык маселесин иликтөөгө аракет жасалды. Алыскы чет элдик жана жакынкы советтик илимпоз-музыковеддердин эмгектеринде иштетилген жанрдык жалпы теориянын алкагында түзүлгөн методикалык-методологиялык негизде кыргыз салттуу аспаптык музыкасынын жанрдык системасы ошондой эле күү чыгармачылыгындагы жанрдын теориясынын өнүгүүсү каралды.

Аннотация: В данной статье предпринимается попытка исследовать проблему жанровой классификации комузной музыки (кюу) в контексте общий теории жанров, которая разработана в трудах иностранных и советских ученых-музыковедов и которая послужила